**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**

**ТОГОЛОК-МОЛДО АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТОГОЛОК-МОЛДИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Тоголок-Молдо айыл аймагынын айылдык кенешинин XV-сессясынын**

# Т О К Т О М У

**« 12 » ноябрь 2025-ж.** **№ 15/5** **Жаны-Талап айылы**

**Тоголок-Молдо айыл аймагынын Жаны-Талап айылындагы маданият жана тарыхий эстеликтери болгон Тайлак баатырдын жана Атантай бийдин күмбөздөрүн мамлекеттик коргоого алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 26-июль 1999-жылдагы “Тарыхий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө” № 91 мыйзамынын 10-беренесине жана Кыргыз Республикасынын 15-июль 2011-жылдагы “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” №101 мыйзамынын 47-беренесинин 1-пункттунун 3-пунктчасына ылайык маданият жана тарыхий эстеликтерин коргоого алуу боюнча Тоголок-Молдо айыл аймагынын Жаны-Талап айылындагы кыргыздын белгилүү баатыры Тайлак баатырдын жана Атантай бийдин күмбөздөрү республикалык маанидеги тарыхий эстелик болуп киргендиктен **Тоголок-Молдо айылдык кенеш ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Тоголок-Молдо айыл аймагынын Жаны-Талап айылында жайгашкан Кыргыздын белгилүү баатыры Тайлак баатырдын жана Атантай бийдин күбөздөрү Тоголок-Молдо айыл өкмөтүнүн балансасына алынсын.
2. Токтомду аткарууга алуу архиеологиялык эстеликтин укук күбөлөндүрүүчү документтерин (мамлекеттик гос акт) бүткөрүү Тоголок-Молдо айыл өкмөтүнүн башчысы А.Акматовга тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү жаштар спорт маданият жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.
4. Ушул токтом www.toqolok-moldo.qov.kg веб сайтына жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укутук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Нарын облустук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.
5. Каттоодон өткөрүү жагы Тоголок-Молдо айыл аймагынын айылдык кенешинин жооптуу катчысы М.Орозобековага тапшырылсын.

**Төрайым** **Г.Бегимкулова**

---

**Жиберилди: иш кагаздарга,айыл өкмөтүнө,Ак-Талаа райондук маданият үйүнө**